УДК: 0: 070

Абдылдабеков К.А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# Ч.АЙТМАТОВДУН ПУБЛИЦИСТИКАСЫНЫН ТЕМАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бул макалада Ч.Айтматовдун кыргыз адабиятынын проблемалары жана экология темасында жазылган айрым макалалары жөнүндө гана сөз болду. Макаланы жазуучунун көп кырдуу публицистикасын үйрөнүүдө алгачкы кадам катары карайбыз.*

Ч.Айтматов көркөм чыгармаларынан тышкары да бизге публицистика боюнча чоң маданий мурас калтырып кетти. Анын «В соавторстве с землей и водою» аттуу публицистикалык макалалар жыйнагы 1978-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарык көргөн эле. Андан кийин 1988-жылы Москвадагы Басма сөз агентствосу тарабынан публицистикалык макалаларынын экинчи жыйнагы жарык көргөн. Бул жыйнакка жазуучунун мазмундуу, иргелген макалалары топтолгон.

Жазуучунун публицистикасы мазмуну, тематикасы, жанрлары боюнча ар түрдүү. Анын публицистикасын үйрөнүү, изилдөө белгилүү бир деңгээлде атайын даярдыкты, адабий жөндөмдүүлүктү талап кылат. Андай болбогондо Айтматовдун макалалары тууралуу үстүртөн маалымат берүү менен чектелүү коркунучу келип чыгат. Биздин пикирибизче, көпчүлүк макалалары анын көп кырдуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу жазылган. Айтсак, Ч.Айтматов – жазуучу журналист, коомдук ишмер, депутат, эл аралык коомдук ишмер ж.б. Ушундан улам Айтматовдун публицистикасы тематикалык жана жанрдык жактан өтө кеңири жана ар түрдүү. Буларды үйрөнүүдө жазылган мезгилинен тышкары да тематикалык жактан топтоштуруп карoo максатына ылайык деп ойлойбуз. Айтсак, адабият жана искусство, адам жана мезгил, адам жана ал жашап турган коом, дүйнөлүк маданияттын көрүнүктүү ишмерлери, бүткүл дүйнөдөгү тынчтык темасы ж.б. Мындан тышкары да, мурдагы союздук жана дүйнөлүк конференцияларда чыгып сүйлөгөн сөздөрү, жасаган баяндамалары, берген интервьюлары, айрым көрүнүктүү инсандар менен аткарган өткөргөн аңгемелери да өзүнчө иликтөөнү, үйрөнүүнү талап кылары бышык. Ал эми биздин бул макалабызда кыргыз адабиятынын проблемалары боюнча жазылган айрым макалаларынын негизинде гана сөз кылып, анын публицистикасын үйрөнүүдөгү алгачкы кадам, аракет катары карайбыз.

Ч.Айтматовдун адабият жана искусство темасында жазылган көптөгөн макалалары көркөм чыгармачылыктын ар кандай түйүндүү маселелери, өзгөчөлүктөрү боюнча кеңири түшүнүк алууга жардам берет. Мисалга, кыргыз адабиятынын өнүгүү жолунда мындай бир жагдайды эскерүү ашыктык кылбайт деп ойлойбуз. Ч.Айтматов кыргыз адабиятына жаңычыл, новатор жазуучу катары келди. Анын 1959-жылы «Обон» деген ат менен алгачкы аңгемелер, повесттер жыйнагы жарык көргөн. Жыйнак «Асма көпүрө», «Түңкү сугат», «Ак жаан», аңгемелеринен жана «Бетме-бет», «Жамийла» повесттеринен турат. Аталган чыгармалар кыргыз адабий коомчулугунда дароо эле түшүнүүгө, колдоого ээ болгон эмес. Айрыкча «Бетме-бет», «Жамийла» повесттеринин тегерегинде талкуу учурунда ар кандай карама-каршы пикирлер орун алгандыгы белгилүү. Мындай пикирлердин келип чыгышы, баарыдан мурда, Айтматовдун чыгармачылыгында оң каармандардын көрсөтүлүшүнө байланыштуу болгон. Көрсө, кыргыз адабиятынын көркөм практикасында 40-50-жылдары оң каарманды көрсөтүүдө белгилүү бир деңгээлде схема, штамп иштелип чыккан экен. Мисалы, бир кыйла аңгеме, повесттерде оң каарман чыгарманын башталышынан тартып акырына чейин жазуучу тарабынан жалаң оң мүнөздөмөлөрдө жашайт. Алар эмгекте ар дайым ийгиликке жетишет, үй-бүлөсүндө үлгү болорлук адам болот. Бир сөз менен айтканда, оң каарман эч кынтыксыз, жалаң оң мүнөздөмөлөрдө көрсөтүлөт. Ал эми Айтматовдун каармандары – өзү жашаган мезгилдин талабына жооп берүүгө аракеттенген, өзүнүн турмуш чындыгынан баш тартпаган күрөшчүл изденгич адамдар. Алар турмуш жолунда ар кандай карама-каршылыкта

учурайт, кыйынчылыктарды башынан өткөрөт, бирок алдына койгон максатынан, өз чындыгынан баш тартпайт. Башкача айтканда, жазуучунун каармандары чыныгы турмуштагы адам-инсан катары мүнөзүнүн оң жана терс жактары менен көрүнөт. Каарманды мындай көрсөтүү, жогоруда биз белгилегендей, кыргыз адабиятында каарманды көрсөтүүнүн калыптанып калган схемасына ылайык келбей калган, дал ушундай негизде Айтматовду дароо туура түшүнүү болгон эмес.

Оң каармандын турмуштук негизи, чындыгы менен көрсөтүлүшүнүн зарылчылыгы жөнүндө жазуучу атайын «Характер и современность» («Мүнөз жана азыркы учур») аттуу макаласын жазган эле [1].

Жазуучу кыргыз адабияты жана искусствосундагы жетишкендиктер, жаңылыктар жөнүндө дайыма кабардар болуп, алар жөнүндө өзүнүн терең ойлуу публицистикалык макалаларын жазып келген. Мисал катары алардын айрымдарын атай кетелик. Кыргыз эл жазуучусу Т.Сыдыкбековдун туулган күнүнүн 50 жылдык маарекесине карата «Тоолор бөксөрбөйт» [2], кыргыз элинин белгилүү сүрөтчүсү Т.Садыков жөнүндө «Чегелөө өнөрүнүн чебери» [3], белгилүү бийчи Б.Бейшеналиевага арнап «Таалайга бүткөн улуу бийчи» [4] аттуу жалындуу публицистикалык макалаларын жараткан эле. Булардын ичинен Т.Сыдыкбеков жөнүндөгү макаласында алп жазуучунун кыргыз прозасында роман жанрын негиздеп, узак жылдардан бери анын жүгүн аркалап келе жаткандыгын, «Тоо арасында» сыяктуу көп пландуу реалисттик романды жараткандыгын көрсөтөт. Айрыкча, жазуучунун чыгармачылыкта чоң тажрыйба күтүп, өзүнө-өзү сын көз менен карагандыктан мурда, 1937-жылы жазылган «Кең-Суу» романын кийин мезгил талабына ылайык кайрадан карап чыгып, ага олуттуу оңдоолор, толуктоолор киргизгендигине байланыштуу, бул сапар роман «Тоо арасында» (1964-жылы) аталып, коллективдүү чарбага өтүү темасы бир айылдын эмес, бүтүндөй кыргыз жергесинде кандайча өткөндүгү эпикалык арым менен көркөм жалпыланып көрсөтүлгөндүгүн белгилейт. Ч.Айтматов романдын экинчи китебин орус тилине которуп жатып, «чоң канагаттануу алгандыгын, баарыдан да романдын тил байлыгы, образдардын колориттүүлүгү, деталдардын дааналыгы жана тактыгы, улуттук боек-наардын кайталангыс таасындыгы тамшантып, чеберчилик жактан мага жакшы мектеп болду» [5] деп жазган.

1961-жылы адамдын космоско учушу, аны багындырууга болгон аракеттери бүткүл дүйнөдө чоң кызыгууларды жаратып жаткан мезгил эле. Ал эми анын көркөм адабиятта чагылдырылышы өтө татаал иш болгон. Ал үчүн илим- техникалык жетишкендиктердин талабынан, көркөм чыгармачылыктын традициялуу формаларынан сырткары жаңыча ой жүгүртүү, жаңы көркөмдүк каражаттарды изденүү талап кылынмак. Ушул талапка ылайык кыргыз акындарынын ичинен С.Эралиев биринчилерден болуп «Жылдыздарга саякат» (1964-ж) аттуу поэмасын жараткан. Поэма ал убакта кыргыз поэзиясында жаңыдан тамырлап келе жаткан эркин ыр түзүлүшүндө жазылган. Акындын бул формага кайрылышы кокусунан эмес, чыгармачылык изденүүнүн натыйжасында келип чыккан. Бул формада акын өзүн эркин сезип, поэтикалык ой жүгүртүүнүн жаңы ыкмаларын, көрүнүштөрүн тапкан. Адамдын аалам менен болгон байланышы, ага болгон ой-санаалары, анын туулуп-өскөн Жер планетасындагы турмушу менен тыгыз байланышта сүрөттөлөт.

Поэманын темасы, ыр түзүлүшү кыргыз поэзиясы үчүн ал кезде белгилүү бир деңгээлде жаңы көрүнүш болгон. Ар кандай жаңы нерсе кээде дароо эле колдоого ээ боло бербейт эмеспи. Кыргыз адабий чөйрөсүндө аны жактыргандар да, жеригендер да болгон. Поэманы кабылдоодо мына ушундай карама-каршылыктуу кырдаал түзүлүп турганда «Правда» газетасында Ч.Айтматовдун «Кыргыз поэзиясында жаңы жээктин ачылышы» деген макаласы жарык көргөн (1967, 25-октябрь). Бул макалада ал поэманын мазмунунун жаңылыгын, көркөм каражаттардын колдонулушу, лирикалык каармандын уйгу-туйгу ой-сезимдеринин берилиши чоң чеберчилик менен сүрөттөлгөндүгүн белгилейт: «Эралиев көркөм ыкмалардын, поэтикалык жалпылоолордун бийик деңгээлине батылдык менен чапчаң көтөрүлүп чыккан. Поэмада мунун баары лирикалык каарманга топтоштурулуп,

анын өзү болсо жалпы адамзаттын образына тогошот ... ошол себептен андан ар кимибиз өзүбүздү жана өз мезгилибизди таанып көрө алабыз». Буга кошумча С.Эралиевдин поэмасынын таасиринде кыргыз поэзиясында эркин ыр өлчөмүндө жазгандардын саны өсүп жаткандыгын эскерген.

Кыргыз жеринин куту болгон Ысык-Көлдүн кийинки мезгилде тартылып баратышы жазуучуну тынчсыздандырбай койгон эмес. Ушундан улам көлгө аяр мамиле кылып, аны коргоп калуунун мүмкүнчүлүктөрү тууралуу ой-пикирлерин, сунуштарын айтып келген эле. Бул тууралуу биз союз учурунда «Социалистик индустрия» газетасынын кабарчылары менен болгон маегинен кеңири түшүнүк ала алабыз [7]. Газетанын кабарчылары аталган маселе боюнча өкмөт тарабынан атайын даярдыктар көрүлүп жаткандыгы тууралуу жазуучуну кепке тарткан. «Ысык-Көл областы менен Чүй өрөөнүндөгү райондордун минералдык-сырьелук ресурстарын комплекстүү пайдалануу иши эки беш жылдыкта катары менен каралып отурат. Жүзөгө ашырылып жаткан өнөр жайдын жана агрардык маанидеги чаралар менен бирге тоо дарыяларынын бир бөлүгүн Ысык-Көлгө агызуу үчүн даярдыктар көрүлүүдө» [8] Бул жерде белгиленгендей, даярдалып жаткан проект эки максатты көздөгөн: биринчиден, көлдүн күңгөйүндө суу жетпеген жерлерге суу чыгаруу; экинчиден, кышкысын бош калган сууну көлгө буруу.

Жазуучу бул проект менен мурдатан да кабардар экендигин айтып, бирок бул аракеттин көл үчүн майнабы анчалык боло бербей тургандыгын, бурулган «бир кочуш суу» көл үчүн «тамчы» гана сыяктуу нерсе болуп каларын айткан. Анын ордуна көл жээгинде жайгаштырылып жаткан пансионат, курорттук жайлардын айланасын экологиялык талаптарга ылайык таза жана сарамжалдуу пайдалануу, табият мурдатан тартуу кылып берген сейрек кездешүүчү өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн сактап калуу учурдун негизги көйгөйлөрү экендигин көрсөткөн эле. Ал үчүн «гидробиологиалык станция эмес, Байкалдан түзүлгөндөй толук бир институт болбосо да, ушул сыяктуу лимонологиялык көл таанучу илимий мекеме керектигин» айтып, ал мекеме өсүмдүктөрдү да жаныбарлар дүйнөсүн да, кыртышты да, суунун термикасы менен динамикасын да толук өлчөмдө изилдөө иштери жүргүзүүсү зарыл дейт [9]. Ооба, бүгүнкү күндө көлдү аң-сезимдүүлүк менен пайдалануу, аяр мамиле жасоо сыяктуу аракеттер болуп жатат, бирок жазуучу койгон талаптарды толук түрдө жүзөгө ашыруу келечектин иши деп ойлойбуз.

Бүткүл дүйнөдөгү тынчтыкты коргоо Ч.Айтматовдун публицистикасында негизги темалардын бири болгон. Ал дүйнөлүк масштабда көрүнүктүү коомдук ишмер катары тынчтыкты коргоо темасында «Хелсиньки духу - айкын жол», «Биз баарын ачык сүйлөштүк», «Акыл-эс ядролук курчоодо» сыяктуу жалындуу публицистикалык макалаларын жазган болучу. Аталган макалалардын ичинен «Биз баарын ачык сүйлөштүк» [10] аттуу макалада 1986-жылы өткөрүлгөн Ысык-Көл форумунда айтылган пикирлер, сунуштар тууралуу кеңири сөз болот. Мында негизги маселе – адамзат жер жүзүндө жашагандан бери жыйналган жетишкендиктерди, баалуулуктарды согуштук бүлүнүүдөн сактап калуу.

Адабият жана искусство, илим-техника, медицина, экология ж.б. тармактар боюнча жетишкендиктер кайра жоготууга, кыйроого учурабастан, адамзаттын бүгүнкү жана эртеңки келечегине тынчтык максатта кызмат кылыш керек деген чакырык кабыл алынган.

**Адабияттар:**


1. Литературная газета, 1959, 24-декабрь.
2. Литературная газета, 1962, 6-декабрь.
3. Айматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Ф.,1988.


Эскертүү: Мындан ары бул китеп боюнча келтирилген кийинки шилтемелерде китептин бети гана көрсөтүлөт:

Көрсөтүлгөн китеп 86-б.

Көрсөтүлгөн китеп 93-б.
Көрсөтүлгөн китеп 82-85-бб.
Көрсөтүлгөн китеп 57-58-бб.
Көрсөтүлгөн китеп 56-б.
Көрсөтүлгөн китеп 58-б.
Көрсөтүлгөн китеп 133-134-бб.